**№87 жалпы орто билим берүү мектебинин 2020-2021-окуу жылындагы ишмердүүлүктөрүнүн жыйынтыктарынын анализи**

| Мекеменин аталышы :№87 жалпы орто билим берүү мектеби | | | |
|---|---|---|---|
| **Анализдин багыттары** | | | |
| **Билим берүү мекемесинин ресурстук базасы** | *Китепкана фонду* **26 578** | *Окуу китеби - даана* **26 000** | *Көркөм адабият китеби - даана* **578** |
| | ***Педагогикалык кадрлардын курамы:*** | 88 мугалимдер | **74-** жогорку билим ,<br>**14-** атайын орто билим |
| | ***Окуучулардын контингенти: - окуучу- 2111*** | ***баштапгыч мектеп*** | 1083 |
| | | ***ортоңку баскыч (5-9-класстар)*** | 1051 |
| | | ***жогорку баскыч (10-11-класстар)*** | 128 |
| | ***Класс-комплектисинин саны:*** 61 | ***баштапгыч мектеп*** | 30 |
| | | ***ортоңку баскыч (5-9-класстар)*** | 31 |
| | | ***жогорку баскыч (10-11-класстар)*** | 5 |
| **Тарбия иштеринин анализи** | ***Иштин багыттары:*** | 1.Нравалык тарбиялоо<br>2.Эстетикалык тарбиялоо<br>3.Эмгекке тарбиялоо<br>4.Ден соолукту чыңдоо<br>5.Патриоттуулукка тарбиялоо<br>6.Окуучулдардын өзүн -өзү башкаруу уюмун өркүндөтүү<br>7.Укук бузууларды алдын алуу<br>8.Кесипке багыт берүү<br>9.Окуучуларга социалдык жардам көрсөтүү | |
| | ***Тобокел тобу:*** | ***Жашы жете элек өспүрүмдөр (ИДН) учетунда*** | 7 |
| | | ***Мектептин ички учетунда*** | 7 |
| | ***Ийримдер: ___ (окуучулар)*** | ***спорттук*** | 2 |
| | | ***көркөм(музыкалык)*** | 3 |
| | | ***предметтик*** | 6 |
| | ***Мектептик иш-чаралар*** | 1. Жыл башында Билим күнүнө карата Президент Жээнбеков С.Ш келип, мектепте билим берүү системасын санариптештирүүнүн жүрүшү менен таанышып, 21 окуучуга телевизор белекке берди.<br>2. Балдарды коргоо борборунун «Кыздар илимде» долбоорунун алкагында 7-11-класстардан 8 окуучу катышып, тренингдерди өтүштү<br>3. «Туулган жерим» аймак таануу туристтик жана экологиялык видео түрмөтөр сынагына 3 окуучу катышты | |

| | | |
|---|---|---|
| | | 4. «Ата энелердин бала тарбиялоодогу ролу» деген темада Балдарды коргоо борбору менен биргеликте иш чара өткөрүлдү<br>5. «Эл аралык толлеранттуулук үчүн» коомдук фондунун «Искуство тынчтык үчүн» деген долбоорунун алкагында тренингдер өтүлдү<br>6. «Кантип лидер болуш керек», «Компьютерге көз карандылык» темаларында тренингдерге активдүү катышкандыгы үчүн Свердлов райондук балдар чыгармачылык борбору тарабынан Саатова М сыйланды |
| | ***Райондук иш-чаралар:*** | Аталышы:<br>1. мектеп спортакиадасы боюнча окуучулар арасында Ордо 3-орун<br>Футбол боюнча 3-орун<br>2. Мугалимдер арасында аркан тартыш боюнча 1-орун<br>3. 1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата окуучулар Свердлов рай администрациясына, «Спутник» маалымат агентигине экскурсияга барышты<br>4. |
| | ***Шаардык иш-чаралар:*** | Аталышы:<br>1. Эл аралык Эне тил күнүнө арналган Бишкек шаарынын райондор арасында өткөрүлгөн «Манас айтуу» сынагында Жээнбеков Абзал 1-орунду ээлеп диплом менен сыйланды<br>2. КР мамлекеттик тилинин 31 жылдыгына карата өткөрүлгөн “Китеп- билим булагы” шаардык кароо сынакта<br>Кенжекулова Тахмина 6-г кл 1-орун<br>Ибраимова Канышай 7-а кл 1-орун<br>Омурбекова Сезим 10-б кл 1-орун<br>Жээнбеков Абзал 7-б кл 3-орун<br>3. “Аэрофлот Россиялык авиакомпаниянын бортпроводниги Максим Моисеевдин элесине” арналган футбол боюнча балдардын турнирине катышып, диплом менен сыйланышты<br>4. Кыргыз футбол союзу өткөргөн FIFA турнирде командасы 3-орунду ээлешти<br>5. Кыргыз Экономика Университети өткөргөн «экономистердин жумалыгына» арналган Бизнес-олимпиадага 9-кл «Прогресс» командасы катышып 1-орунду ээлешип, 1-даражадагы диплом менен сыйланышты<br>6. Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиясы өткөргөн Кыргызстандын тарыхы боюнча олимпиадада<br>Казипова Жылдыз 2-орун<br>Рахманбердиева Мадина 3-орун<br>Талант уулу Нур 3-орун<br>7. 1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата 6-класстын окуучусу Байышева А Бишкек |

| | | |
|---|---|---|
| | | шаарынын Мээриясына экскурсияга барды. Ушул эле иш чаранын алкагында 7-е кл окуучусу Кожомбердиев Усман Президент С. Жапаров менен жолугуп, уюлдук телефон белекке алды |
| | ***Окуучуларды социалдык колдоо:*** | Окуучулардын социалдык абалы такталды;<br>1. Тоголок жетим-6, жарым жетим-108, майып окуучулар 17, аз камсыз болгон окуучулар -49, толук эмес үй бүлөө-222, көп балалуу үй бүлөө - 157 окуучу катталды.<br>2. Аз камсыз болгон 21 окуучу билим күнүнө карата Президент Жээнбеков С.Ш телевизор алды<br>3. Ага-Хан Фонду (ОФ MSDSP KG) демилгеси менен 16 социадык абалы оор окуучуларга рюкзак, концтоварлар берилди<br>4. 521 окуучу музей, театр жана башка маданий иш чараларга барышты.<br>5. 5- класстын 30 окуучусу, башталгыч класстын 1083 окуучусу ысык тамак менен камсыз болушту.<br>6. 1 окуучу Президенттин, 5 окуучу Бишкек шаарынын мэринин, 8 окуучу райондук администрациясынын жаны жылдык белегин алышты |
| | ***Ата-энелер менен иштөө:*** | 1. «Ата энелердин бала тарбиялоодогу ролу» деген темада Балдарды коргоо борбору менен биргеликте иш чара өткөрүлдү<br>2. Мектепте эмдөө албаган 11 окуучунун ата энесине эмдөөнүн зарылдыгы, пайдасы, эмдөө албаганда кийинки коркунучужөнүндө тушүндүрүү иштери жүргүзүлдү.<br>3. Кылмыштуулукту алдын алуу максатында 4-б класска "Атам,апам жана мен"деген темада спорттук мелдеш өткөрдү.<br>4. Мүмкүнчүлүгү чектелген 18 окуучунун ата-энесине чогулуш өтүлүп, офлайн окуп жаткан окуучуларды онлайнга которуу, окуучуларды өз убагында дарыгерлерге көрсөтүп туруу жөнүндө милдеттендирилди<br>5. Ата энелерге дистанттык окутуу жөнүндө түшүнүк берилип, социалдык-психологиялык кенештер жүргүзүлдү. Балдар менен ата энелердин ортосунда пикир келишпестиктерди алдын алуу максатында соц педагог жана психологдун ишеним телефондору берилди |
| | ***Профориентациялык иштер:*** | Кесипке багыт берүү боюнча 9-11-класстардын окуучуларына Кыргызстан Эл аралык Университети, Кыргыз Экономикалык Унивеситети, Ж.Баласагын атындагы Улуттук Университети, К.Көлбаев атындагы авто жол транспорт колледжи, №20 кесиптик лицей, Т. Эрматов атындагы музыкалык педагогикалык окуу жайлары менен биргеликте кесипке багыт берилди |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Окуу-тарбия иштеринин анализи** | ***Мектеп боюнча окуучулардын жетишүүсү*** | *отличниктер* | 171 |
| | | *ударниктер* | 518 |
| | | *канааттандырарлык* | 1298 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ***(окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн класстардын жыйынтыктары нбөлүп көрсөтпөө)*** | *окуучу бир төрт менен* | 32 |
| | | *окуучу бир үч менен* | 78 |
| | | *жетишпеген* | - |
| | | *ББК (билим, билгичтик, көндүм) сапаты %* | 36% |
| | | *Жетишүү %* | 100% |
| | ***9-класстардын жыйынтык аттестациясы*** | Жалпы: **156**<br>Киргизилди: **156**<br>ВКК боюнча бошотулду:<br>Отличниктер:8<br>Өзгөчө үлгүдөгү:-4<br>**48 %** билим сапаты **100%** жетишүү | |
| | ***11-класстардын жыйынтык аттестациясы*** | Жалпы: **55**<br>Киргизилди: **47**<br>ВКК боюнча бошотулду:<br>Отличниктер: **5**<br>Өзгөчө үлгүдөгү:-1<br>**72 %** билим сапаты **100%**жетишүү | |
| | ***Олимпиада*** | ***мектептик*** | Бардыгы: 125<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү : 69 |
| | | ***райондук*** | Бардыгы: 27<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү : 3 |
| | | ***Шаардык предметтик /башка шаардык (аталышын берүү)*** | Бардыгы: - 2<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү : 0 |
| | | ***Республикалык предметтик /башка республикалык (аталышын берүү)*** | Бардыгы: - 0<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү : 0 |
| | | ***Эл аралык предметтик /башка эл аралык (аталышын берүү)*** | Бардыгы: - 0<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү : 0 |
| | ***Алтын сертификат: (ОРТ)*** | 110балга чейин -18<br>110-150-чейин -12<br>150-200 чейин жогору -3<br>эң жогорку балл-192 | |
| | ***Долбоор ишмердүүлүгү*** | ***мектептик*** | ***Долбоордун жалпы саны:7***<br>***1-орун- 2***<br>***2 -орун -1***<br>***3 -орун -2*** |
| | | ***райондук*** | ***Долбоордун жалпы саны:-2***<br>***1-орун -0***<br>***2 –орун -0***<br>***3 –орун - 0*** |
| | | ***республикалык*** | ***Долбоордун жалпы*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | *саны:*<br>*1-орун*<br>*2 -орун*<br>*3 -орун* |
| | | *эл аралык* | *Долбоордун жалпы саны:* |
| **Мектептин ички көзомөлү** | *Көзөмөлдүн багыттары:* | -жалпыга билим берүүнүн аткарылышы<br>-окуу предметтеринин берилиши<br>-Окуучулардын билим сапат, жөндөмү, окуу көндүмдөрү<br>-мектеп документациясы менен иш алып баруунун сапаты<br>-окуу программасынын жана жазуу иштеринин нормативдеринин аткарылышы<br>-жыйынтыктоочу аттестацияга даярдануу жана өткөрүү | |
| | *Документтер менен иштоо:* | Жыл ичинде мектептин нормативдик –укуктук документтери б.а техникалык коопсуздук журналы, класстык журналдар, өздүк делолор, дептерлер, күндөлүктөр текшерилип турду. Кооптуу делген окуу кабинеттерде техникалык коопсуздук журналдары уюштурулуп кол коюлган жана эстеткичтери бар. Бардык окуучулардын өздүк делолору бар жана тиешелүү документтери (туулгандыгы тууралуу күбөлүк, жашаган жеринен маалымдама, ата энесинин арызы жана паспортунун көчүрмөсү, 9-кл билими ж/дө күбөлүгүнүн көчүрмөсү) толук . Класс жетекчилер өз убагында чейректик жылдык бааларды жазып турушат. Мектеп комплектөөдөн өткөндөн кийин өндүрүштүк кеңешмеде журнал толтурууда бирдиктүү талаптардын аткарылышы боюнча нускама өтүлүп,предметтик мугалимдердин жана класс жетекчилердин милдеттери жөнүндө кеңири айтылды. Класстык журналдар календардык-тематикалык пландар боюнча толтурулуп, ай сыйын текшерилип турду | |
| **Илимий–усулдук иштин анализи** | *Милдеттери :* | • Мугалимдердин методикалык кометентүүлүгүн көтөрүү,<br>• Окуучулардын окуп, үйрөнгөндөрүн натыйжалуулугун арттыруу;<br>• Окутууда инновациялык өнүгүүлөрдү камсыз кылуу;<br>• Окутуунун формасын, мазмунун, прициптерин аныктоо жана өнүктүрүү. | |
| | *Багыттары:* | • Педагогикалык коллективдин кесиптик чеберчилигин ар тараптуу жогорулатуу;<br>• Жаңы стандартка ылайык окуучулардын билим алуусун көзөмөлдөп, анализ чыгаруу;<br>• Оптималдуу деңгээлде билим берүү жана тарбиялоо процессин жакшыртуу;<br>• Райондук жана шаардык деңгээлде өткөрүлгөн карoo-сынактарга окуучуларды жана мугалимдерди катыштыруу жана жыйынтык берүү. | |
| | *Иштин формасы :* | • Пед кызматкерлердин сандык-сапаттык курамы<br>• Жаш мугалимдер мектеби | |

| | | |
|---|---|---|
| | | • Өз билимин өркүндөтүү<br>• Мектептин педагогикалык чеберчилиги<br>• Методикалык кеңешме<br>• Көргөзмөлөр;<br>• Тегерек столдор;<br>• Ачык сабактар;<br>• Илимий-практикалык конференциялар; |
| | ***Педагогикалык кеңеш****(темалары)* **:** | **1-кеңешме**<br>2020-2021-окуу жылында мектепте жүргүзүлгөн усулдук жана окуу-тарбиялык иштеринин анализи.<br>2. 2020-2021-окуу жылына карата усулдук бирикме жетекчилерин шайлоо, усулдук кеңештин курамын толуктоо жана кабинет башчыларын дайындоо.<br>**2-кеңешме**<br>1. Аралыктан окутуунун предметтер боюнча билим сапатка тийгизген таасири<br>2. 5-кл улантмалуулук боюнча иш алып баруу<br>3. 1-чейрек боюнча окуу тарбия процессинин жыйынтыгы<br>**3-кеңешме**<br>1. “Балага туура тарбия берүү ата эне менен баланын ортосундагы байланышты жакшыртуу боюнча иш аракеттер”<br>2. Электрондук билим берүү платформаларын сабактарда пайдалануунун натыйжалары<br>3. 2-чейрек боюнча окуу тарбия процессинин жыйынтыгы<br>**4-кеңешме**<br>1. Окуучулардын тарбиясына терс таасир берүүчү факторлорду аныктоо жана алдын алуу<br>2. 3-чейрек боюнча окуу тарбия процессинин жыйынтыгы |
| | ***Усулдук кеңеш****(темалары)* | **1-кеңешме**<br>1. Усулдук кеңештин жаңы курамын усулдук кеңештин жобосу менен тааныштыруу<br>2. 5-класстарда улантмалуулукка карата көзөмөлдөө тобун түзүү<br>**2-кеңешме**<br>1. Предметтик мугалимдердин сабагынан жетише албаган окуучулар жана таланттуу балдар менен иштөөсү карап чыгуу<br>2. Мектеп окуучуларынын предметтик олимпиадаларын уюштуруу жана райондук айлампага даярдоо<br>**3-кеңешме**<br>1. Усулдук бирикмелердин I жарым жылдыкта иштеген иштеринин жыйынтыгы<br>2. Билим берүүнүн сапатын жогорулатууда окуучунун ийгиликтүү билим алуусу үчүн мугалимдин жүргүзгөн иш аракеттери<br>**4-кеңешме**<br>1. Мугалимдердин, усулдук бирикмелердин денгээлдештирип иштөө боюнча ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын чыгаруу<br>2. Мугалимдердин кесиптик адистигин жогорулатуу |

<table>
<tr><td rowspan="7"></td><td></td><td colspan="2">боюнча аткарылган иштердин жыйынтыгы<br>**5-кеңешме**<br>1. Усулдук кеңештин 2020-2021-окуу жылындагы аткарган бир жылдык ишин жыйынтыктоо<br>2. Усулдук кеңештин жаңы окуу жылына карата иш планын түзүү</td></tr>
<tr><td>***Мектептин бирикмелери*** *(ишмердүүлүктүн багыттары):*</td><td colspan="2">1. Кыргыз тили жана адабияты сабагында ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу<br>2. Используя дифференцированный подход, развивать учащихся устную и писменную речь, развивать логическое мышление, творческие способности учащихся. Научить умению использовать полученные знания на практике.<br>3. Англис тилин окутуунун активдүү методдорун колдонуп, окуучулардын оозеки, жазуу жана ой жүгүртүүсүн өстүрүү менен бирге сапаттуу билим алууга багыт берүү.<br>4. Математика сабагынан сапаттуу билим берүүдө ар кандай деңгээлдеги окуучуларга жаңы технологияларды чыгармачылык менен колдонуу аркылуу дифференцирленген мамиле кылуу.<br>5. Окуучуларга сапатуу билим берүү, алардын логикалык ой жүгүртүүсүн, акыл-эсин өстүрүп, өз алдынча иштөөгө машыктыруу жана окуучулардын чыгармачылык менен изденүүсүн билим алууда, турмушта колдонуусуна багыт берүү<br>6. Окуучуларды окутуп-тарбиялоодо аларды ар тараптан өстүрүү, чыгармачылык менен изденүү, билим алууда жана турмушта колдоно билүүгө багыт берүү.<br>7. Окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен алардын кат сабатын жоюу, окуу жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу. Ошону менен бирге сабакка болгон кызыгууларын арттыруу, активдүүлүгүн, компетентүүлүгүн, логикалык ой жүгүртүүлөрүн өстүрүп, өз алдынча иштөөгө машыктыруу.</td></tr>
<tr><td>***Мугалимдердин өз билимдерин жогорулатуусу:***</td><td colspan="2">Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунан-19<br>Лингва -2<br>Борбордук Азия Университетинен -5<br>Кыздар илимде -6<br>GLOBE-3</td></tr>
<tr><td>***Инновациялык ишмердүүлүк (формасын жана багыттарын көрсөтүү)***</td><td colspan="2">---</td></tr>
<tr><td rowspan="3">***Кесиптик чеберчилик кароо-сынактары жана***</td><td>***Райондук***</td><td></td></tr>
<tr><td>***шаардык***</td><td></td></tr>
<tr><td>***Республика***</td><td>КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан дистанттык</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ***ии-чаралар :*** | | билим берүүнүн алкагында телесабактарды уюштурууда тарых мугалим Казакова Н.О   кесиптик жогорку чеберчилигин көрсөтө алды |
| | | ***Международные*** | Борбордук Азия өлкөлөрүнүн арасында англис тили мугалимдери Жумабекова Жазира, Жолдошбек кызы Гүлзат «Блоктук план жазуу» сынагында 1-орунга ээ болушуп, ноутбук менен сыйланышты |
| | ***ЖОЖ менен байланыштары*** | ***Кыргызстан*** | *1. Эл аралык инновациялык университети*<br>*2. Борбордук Азия Университети*<br>*3. Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиясы* |
| | | ***Чет мамлекттер*** | |
| | ***Усулдук семинарлар:*** | ***Район*** | Аталышы : |
| | | ***Шаар*** | Аталышы : |
| | | ***Республика*** | Аталышы :<br>Орун: |
| | | ***Эл аралык*** | Аталышы :  GLOBE  дүйнөлүк билим берүү жана илим программасынын «айлана чөйрөнү жакшыртуу үчүн дүйнөлук масштабда байкоолорду жүргүзүүнү үйрөнүү» боюнча география мугалимдери Акимбай кызы Н, Мидинова Н, Тавалды к А сертификаттарга ээ болушту |
| | ***Эл аралык долбоорлор:*** | 1. «Толлеранттуулук үчүн» коомдук фонду «Исскуство дүйнө үчүн» долбоору  2020-2021жж<br>2. «Институт мира и развития IPD» 2021-2022-жж<br>3. Ага-Хан Фонду (ОФ MSDSP KG) «Школа 2030» 2020-2030-жж<br>4. Балдарды коргоо борбору «Кыздар илимде»2020-2022-жж<br>5. Борбордук Азия Университети «Билим берүүнү өнүктүрүү» программасы 2017-2021-жж | |
| **Психологиялык кызматынын ишинин  анализи:** | | Ишинин  багыттары (Эмне өттү? )<br>• Психопрофилактика ( Ата –энелер чогулуштарына катышуу,психологиялык климаттка көңүл буруу)<br>• Психодиагностика (Тесттирлөө,жекече кенештер)<br>• Психологиялык консультация (Баарлашуу,группалык кеңештер, жекече кеңештер)<br>• Уюштуруучу- методикалык иштер (Тренингдер, видеоролликтер) | |
| **Соц педагог кызматынын ишинин анализи:**<br>___ соц педагог | | Ишинин  багыттары (Эмне өттү? )<br>-социалдык-педагогикалык изилдоо<br>-баланын укуктарын коргоо | |

| | |
|---|---|
| | -Күбөлүгү жок окуучулар менен иш алып баруу<br>-Кароосуз калган, социалдык абалы начар окуучулар менен иштешүү, себебин шартын аныктоо<br>- Балдардын укугу жөнүндө (конвенция) Билим берүү мыйзамы жөнүндө ата-энелерге, мугалимдерге консультацияларды уюштуруу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү<br>Социалдык педагогдун биринчи максаты окуучунун жашоосундагы орчундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөнүн коомдук жана мамлекеттик уюмдардын ортосунда байланышчы болуу менен баланын кызыкчылыгын коргойт. Сентябрь айынын башталышы менен окуучулардын жашаган жери, социалдык абалы боюнча: толук эмес уй-булоодогу окуучулар,жарты жетим, тоголок жетим, коп балалуу уй-булодогу окуучулар, аз камсыз болгон уй-булоодогу окуучулар, опекундагы окуучулар, мигрант уй-булоодогу окуучулар, майып окуучулар, авган ветерандын балдары апрель революциясына катышкандардын балдары, жана алардын жашоо шарты тууралуу ошондой эле тобокел тобундагы жана мечитке барган, сабактан кийин жана каникул учурунда иштеген окуучулар жонундогу маалыматты класс жетекчилер менен биргеликте тактадык. Ошондой эле тартиби начар, сабакты системалык турдо калтырган окуучулар менен жекече суйлошуу жана тушундуруу иштери жургузулду. План боюнча иш алып барылды. Жыл ичи турмуш шарты оор, ар кандай себептер менен сабакты коп калтырган уй-булодогу балдардын уй-шарттары менен таанышып, акт түзүлүп, ата-энесине тушүндүрүү иштери жургузулду, жекече суйлошуулор жургузулду, кеп-кенештер берилип, окуучулар, ата-энелер жана класс жетекчилер менен тыгыз байланышта иш алып бардык |

## Жыйынтык

№87 орто мектебинде 2020-2021-окуу жылында билим берүү тармагында жараткан ийгиликтерибизди жана окуучулардын жогорку деңгээлдеги даярдыктарын эске алуу менен мектептин ишмердүүлүгү толук кандуу жаңыланып жана алдыга өнүгүүнүн үстүндө десек болот.

Мектептин жыл ичиндеги ишмердүүлүгүндө конкурстарга катышуу, билим сапаттын стабилдүү өсүүсү, окуучулардын контингенти боюнча туруктуу абалдын сакталуусу, адистер менен толукталуусу, окуу планынын аткарылуусу талапка жооп берди.

Мугалимдердин билим сапатка өзгөчө көңүл буруусу стабилдүү жолго салынып мезгил-мезгили менен текшерүүлөр жүргүзүлдү. Педагогикалык кызматкерлердин окуу планын аткарууда сабактардын сапаттуу берилүүсү, структурасынын сакталышы, инновациялык ыкмаларды пайдалануусу, электрондук материалдарды сабактын фрагметтерине камтуусу боюнча методикалык күндөр уюштурулуп, көзөмөл жүргүзүлүп турду.

Окуучуларга сапаттуу билим берүүдө жаш өзгөчөлүгүнө жараша бекитилген окуу пландын негизинде психикалык-моралдык кысымга алынбаган жагдайда окутуу жүргүзүлөт. Алар толук кандуу акысыз окуу китептери менен камсыз болушуп, социалдык абалына жараша

тиешелүү жеңилдиктерди алуу менен коопсуз шарттарда окутулду.

Мектепте мугалимдердин чыгармачылыктарын өркүндөтүү жана окуучуларга сапаттуу билим берүү боюнча тийиштүү шарттар каралган. Окуучулар окуу китептери менен 92% камсыз болушкан. Педагогикалык кызматкерлер үчүн методикалык окуу китептери жыл сайын толукталып турат жана сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында электрондук ресурстар колдонулат. Анда мугалимдер сабактын айрым фрагменттерин электрондук формада даярдашып мультимедиялык аппараттарды (интерактивдүү доска)пайдаланышат. 2017-2019-жылдар аралыгында Shkola.kg баракчасында электрондук журнал системасы ишке киргизилип, окуучулардын мектепке келип кетүүлөрүн эсепке алуу менен катар билим сапаттын ачыктыгы камсыздалгган. 2020-2021-окуу жылдары Edugate фирмасынын kundoluk.edu.kg электрондук күндөлүк платформасы аркылуу окуучулардын билимдерин баалоо менен катар сабактын негизги өзөгүн жана үй тапшырманын берилишиндеги жеткиликтүүлүктү камсыздоо менен иш алып баруудабыз. 2018-2021-окуу жылында 87.edubish.kg дарек боюнча мектептин өздүк сайты иштеп, окуу жылындагы жүргүзүлгөн ишмердүүлүктөр чагылдырылат.

Кат алмашуу системасын жүргүзүү жана билим берүүчү уюмдар менен ишмердүүлүктү электрондук форматта уюштурууда school-87@bk.ru электрондук почтасы иштейт.

Социалдык түйүндөргө мектептин ийгиликтерин жана окуучулардын чыгармачылыктарын жайылтуу максатында **facebook** түйүнүндө «№87 жалпы билим берүү мектеби» баракчасы, **instagram** приложениесинде «mektep87» баракчалары активдүү иштейт.

Окуучулардын келип кетүүсүн үзгүлтүксүз эсепке алуу максатында 2015-2016-окуу жылынан тартып «Автоматтык каттоо жана катышуунун эсебин чыгаруу» системасы ишке киргизилген.

Билим берүүчү уюмда жалпы окуу кабинеттеринин саны 35, жалпы аянтынын орточо көрсөткүчү 68м$^2$ түзүп 30 орунга ылайыкташылган. Окуу кабинеттеринде дидиактикалык-методикалык материалдар үчүн 2 ден шкаф, айрым кабинеттерде доска, телевизор, DVD. Ал эми жалпы мектеп ичинде 2 интерактивдүү панел, 7 интерактивдүү доска, 5 инетрактивдүү система , 1 адио күчөтүүчү аппарат, 1 видеокамера, 22 компьютер, 7 ноутбук, 1 синтезатор, 3 ксерекөчүрмө аппараты, 2 принтер менен жабдыллан. Окуу кабинеттери мамлекеттик символикалар жана сабактардын элементтерин камтыган стенддер менен толукталган. 2 компьютер классында 10 даанадан персоналдык компьютер интернет түйүнүнө кошулган. Интернетти 10мб/с ылдамдыктагы MaxLink регионалдык продвайдери камсыздайт.

Мектепте окуучулардын санынын көптүгүнө байланыштуу окуу кабинеттеринин дээрлик бардыгына сабактар өтүлүп, бош кабинеттин жоктугуна байланыштуу окуу залы жок.

Окуучулар адабий окуу китептери китепкандан алышып, үйлөрүнөн окуп келип тапшырышат.

Мектептин ашканасы 44 орундуу. Башталгыч класстын окуучулары жана аз камсыз болгон үй бүлөлөрдүн окуучу акысыз тамактандырылат. Тамактануунун графиги түзүлүп илинген. Мед.пункт 1 кабатта жайгашып, тиешелүү медикаменттер менен камсыз болгон. Жугуштуу ооруларды алдын алуу максатында пландуу эмдөөлөр жүргүзүлүп, окуучулардын өздүк гигиенасы текшерилип турат. Медициналык пункутта дары дармектерди сактоо максатында муздаткыч, алгачкы жардам көрсөтүүчү аптечка, шкаф, маалымат тактасы менен жабдылган.

Окуу жайдын бөлмөлөрү санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздук ыкмасынын талаптарына туура келет.

Өрт коопсуздугун алды алуу боюнча райондук пландын негизинде жылына 2 ирет “Жарандык коргоо күнү” өткөрүлөт. Мектеп ичинде “Жаш өрт өчүргүчтөр уюму” түзүлүп, күтүүсүз кырдаалдар учурунда аткарган кызматтары бөлүштүрүлүп берилет. Окуу кабинеттеринде Өрт жана техника коопсуздугу боюнча тийиштүү жабдыктар жана нускамалар илинип, кооптуу жагдайда окуучуларды эвакуациялоонун планы менен толукталган.

Мектеп ичиндеги эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери боюнча ар бир окуу жылында 2 ирет кызматкерлер жана окучулар үчүн техникалык коопсуздук эрежеси өткөрүлүп, кол тамгалары техникалык коопсуздук каттоо журналына түшүрүлөт.

Химия,биология, информатика, физика, технология окуу кабинеттеринде техникалык коопсуздукту сактоо боюнча журнал ачылып, окуучуларга тааныштырылат.

Санитардык –гигиеналык ченемдин негизинде окуу бөлмөлөрү өз учурунда желдетилип, хлордуу аралашма менен жумасына 2 жолу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат. Окуу бөлмөсүндө бирдей температурада кармоо максатында ички жылуулукту өлчөөчү термометр ар бир окуу кабинтинде илинген жана бардык кабинеттер жашылдандырылган. Парта жана отургучтар окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша коюлган.

Мектепте төрт көзөнөктүү 12 ички дааратканa иштеп, кол жуучу раковиналар орнотулган. Даратканаларда суу үзгүлтүксүз чыгып турат. Ал эми 5 көзөнөктүү кыздар үчүн жана балдар үчүн даарткана мектептин сырткы аймагында жайгашкан.

Билим берүү уюмунда ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын саны 17. Анын ичнде ВПС-8, бронхиалдык астма-1, ДЦП (детский центральный паралич)-3, сахарный диабет-2, менингит-энцефалит-1, таңдайы жок -1, бөйрөк оорусу-1, май таман-1. Бул окуучулардын бардыгына башка балдар сыяктуу эле бирдей билим берилет. Кадимки окуучулар сыяктуу эле ашкана, мед пункт, жыйындар залы, спорт зал, китепкана жана окутуучу техникалык түзүлүштөрдү пайдалануу менен окутулат. Дене тарбия сабагынан медицианылк кызматкерлердин уруксаат кагазынын негизинде бошотулуп, айрымдары жеңил көнүгүүлөрдү жасоого аралашышат. Спорт ивентарларын пайдалана алышат.

Мектептин кире беришине ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн мектептин алдында пандус орнотулган.

COVID-19 пандемиясына байланыштуу окуу жылынын 1-жарым жылдыгында окуучуларды аралыктан окутуп, 18-январдан тартып 1,5,9,11-класстар офлайн режиминде окутууга өттүк. 2021-жылдын 9-мартына тартып 2-3-4-класстардын окуучулары кошулуп, жыл аягында 1533 окуучу офлайн, 729 окуучу онлайн аякташты. Аралыктан окутууда окутуучу платформалардын жардамы астында кайтарым байланышка чыгуу, диалогдук байланышты уюштуруу, түз видео байланышка чыгуу жана окуучулардын билим сапаттарын аныктоочу бир нече программа-платформалар колдонулду.

Түз видео конференция уюштуруучу zoom платформасын 52 % мугалим, **Google** Meet 42 % , дилогдук максатта **whatsApp** приложениесин 100%, **telegramm** 36%, Google **Дискtеги** **classroom** программасын 3 %, видеоурок сайты аркылуу тесттик иштерди алуу жана уюштуруу ишин билим сапатты аныктоо максатында **Банк Тестов** 17%, **Quizizz** программаларын 2 % , видеосабактарды жасооо максатында **KineMaster 9%, Bandicam,FreeCam 4%, InShot** видео редакторлорун 19% пайдаланылып окутулду. Өздүк педагогикалык жеке сайты бар 9 мугалим, иш тажрыйбаларын жайылтуу максатында сабактарынын иштелмелерин жүктөшүп, окуучуларга өз предметтерине байланышкан кошумча тапшырмаларды беришти. Мектепте **Күндөлүк** платформасы боюнча педагогикалык жамаатка 3 жолу окутуу уюштурулуп, электрондук журналды толтуруу жана окуучулардын билимдерин баалоо иши жөнгө салынды. 96% мугалимдер күндөлүк платформасын өздөштүрүштү.

Аралыктан окутууда окуучулардын өз алдынча билим алуусу, мугалимдер менен кайтарым байланышка чыгууда негизги элементтер телевизор, уюлдук телефон, компьютер, ноутбук, интернет болгондуктан окуучулар канчалык денгээлде камсыз болушкандыгын аныктоо максатында сурамжылоо жүргүздүк. Жыйынтыгында төмөндөгүдөй бир топ көйгөйлөр аныкталды:

- Окуучулардын компьютер ноутбук же уюлдук телефон менен толук камсыз болбогондугу 2271 окуучудан 900 окуучу (39%) гана өзүнүн телефондору менен окушса, 1371 окуучу ата энелеринин телефону менен окушат экен. Башкача айтканда көпчүлүк окуучулар ата энесинин жумуштан келишин күтүп, сабакка убагында катыша алышпай калат.
- Көп балалуу үй бүлөлөдө 1 телефон менен окугандар. 1 телефон менен 3 же 4 бала окуган 338 үй бүлөө аныкталды.

- Айрым жерлерде интернет менен толук камсыз болбогондугу. Ак Жар конушунда жашаган 234 окуучуда интернет менен толук камсыз болбой жатканын биле алдык
- Окуучунун да мугалимдин да ден соолугуна тийгизген терс таасири;
- Окутуунун толук кандуу жеткиликтүү эместиги;
- Айрым мугалимдерде жалкоолуктун калыптануусу;
- Айрым окуучулардын компьютер технологияларына болгон көз карандылыгынын өсүшү

Аралыктан окутууда төмөндөгүдөй артыкчылыктарга ээ болдук

- Кагаз иштерине кеткен убакыттын үнөмдүүлүгү;
- Электорондук платформалар –программалар менен иш алып баруудагы сабатсыздыктын жоюлушу;

Мектеп Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы жаңы мыйзамдар, долбоорлор, программалар менен өз учурунда маалымдалып, билим берүү стандарттарына шайкеш келүүчү иш кагаздардын негизинде иш алып барды.

**2021-2022-окуу жылына карата сунуштар жана милдеттер**

1. Билим сапатын жогорулатууга, окуучулардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн ачууга, алардын өзүн-өзү аныктоого жана өзүн-өзү ишке ашырууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө көмөктөшкөн жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзүү
2. Заманбап билим берүү технологияларын изилдөө жана практика жүзүндө ишке ашыруу боюнча активдүү билим берүү жана таанып-билүү иш-аракеттерин максаттуу уюштуруу жана системалуу калыптандыруу боюнча ишти улантуу.
3. Илимий изилдөөчү долбоорлорго активдүү катышуу, пландуу даярдыктарды көрүү менен окуучулардын мотивациясын жогорулатуу
4. Бир сабагынан “3” же “4” чыккан окуучулар менен жекече иш алып баруу
5. Эл аралык жана коомдук уюмдар менен максаттуу иш алып баруу

Директор Исанова Ж.М